## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун Жетектөөчү комитетинин төрагасы Алымбек Бекмановдун жана өкүлдөрү Хамит Иргашбаевич Искаковдун, Шейн Хит Брейдинин, кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

9-июль, 2015-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамда: Ж.И. Саалаев, Ч.О. Осмонова, А.О. Нарынбекова, катчы А.Ж. Таштанованын катышуусу менен, Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун Жетектөөчү комитетинин төрагасы А.К. Бекмановдун жана өкүлдөрү Х.И. Искаков, Ш.Х. Брейдинин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 4-июнунда «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгү жана 3-бөлүгүнүн 4-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесине, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 31-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесине жана 35-беренесине карама-каршы келет деп табуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун Жетектөөчү комитетинин төрагасы А.К. Бекмановдун жана Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өкүлдөрү Х.И. Искаков, Ш.Х. Брейдинин өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтү тастыктоо иретинде арызданууучулар төмөндөгүдөй жүйөлөрдү келтиришкен.

Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борбору, Америка кошмо штаттарынын жараны жана Иегова күбөлөрүнүн бүткүл дүйнөлүк башкы башкармалыгынын мүчөсү Тодд Эллисонду Кыргыз

Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борбору мүчөлөрүнө ыйык китептин негизинде атайын насаат сөз айтып кетүүгө чакырган.

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борбору аталган чет өлкөлүк жаранды эсептик каттоодон өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясына арыз менен кайрылган. Бирок, келтирилген арыз «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербегендиктен кароосуз кайтарылып берилген. Ага негиз катары Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмеси нотариалдык күбөлөндүрүлүп жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган эместиги белгиленген.

Ошондуктан арызданууучулар, талашып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесине, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 31-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесине жана 35-беренесине, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 18, 19, 22-беренелерине карама каршы келгендиктен, конституциялык эмес деп таап берүүнү талап кылышкан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун Жетектөөчү комитетинин төрагасы А.К. Бекмановдун жана Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун өкүлдөрү Х.И. Искаков, Ш.Х. Брейдинин кайрылуусун жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж.И. Саалаевдин маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыкка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнө, 18-беренесинин, 19-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык палата мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп таап, укук маселелерин гана белгилейт жана чечет.

Ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын

конституциялык Мыйзамынын 24-беренесине ылайык, Конституциялык палатада ишти кароонун негизи болуп, мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын, Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу - ишти кароого негиз болуп эсептелет.

Арызданууучулар өз кайрылуусунда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2014-жылдын 4-сентябрында диний уюмду каттоого байланыштуу окшош маселени караган чечиминде «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-абзацындагы «…жергиликтүү кенеш менен макулдашылган» деген сөздөрдөн турган ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнө жана 35-беренесине карама-каршы келет деп тапкандыгын белгилейт.

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын бул чечимин колдонуудан баш тартып келе жаткандыгына шилтеме жасагандан башка, кайрылуучулар конституциялуулугун талашып жаткан ченемдер боюнча жетишерлик ынанымдуу укуктук негиздеме келтиришкен эмес жана күмөндүүлүктү туудурган ченемдердин маңызын негиздеп көрсөткөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт. Ал эми кайрылуучулар белгилегендей: "ДИМКнын Конституциялык палатанын чечимин аткарбай жатышы" «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгү жана 3-бөлүгүнүн 4-пункту Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесине, 20-беренесинин 2-бөлүгүнө, 31-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесине жана 35-беренесине карама-каршы келет деп табууга негиз болуп бере албайт.

Демек, кайрылуучулар: Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун Жетектөөчү комитетинин төрагасы А.К Бекманов. жана Диний Борборунун өкүлдөрү Х.И. Искаков, Ш.Х. Брейдинин кайрылуусу мазмуну боюнча конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык келбегендиктен жана кайрылууда көрсөтүлгөн маселенин конституциялуугу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы тарабынан мурда текшерилип жана анын өз күчүн сактаган актысы бар

болгондуктан конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартылууга жатат.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Иегова күбөлөрүнүн диний борборунун Жетектөөчү комитетинин төрагасы Алымбек Бекмановдун жана өкүлдөрү Хамит Иргашбаевич Искаковдун, Шейн Хит Брейдинин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.
3. Аныктамага карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанууга мүмкүн.

Судьялар коллегиясы:

Ж. И. Саалаев

Ч. О. Осмонова

А. О. Нарынбекова



N42-0